	«Кыргызстан Эл аралык университети» Коммерциялык эмес билим берүү мекемеси Окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси
	Сапатты башкаруу тутуму «Лингвистика» кафедрасы Эдвайзердин 531100 «Лингвистика» багыты боюнча иш планы

КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ
ОКУУ-ИЛИМИЙ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ

«Лингвистика» кафедрасы

«БЕКИТЕМИН»
Окуу-административдик иштер
боюнча проректор
ю.и.к., доц. Осмонбаева К.М.
_____
«17» сентябрь 2026-ж.

3 -курстун студенттери үчүн эдвайзердин иш планы

Багыты: 531100 «Лингвистика»
Планды түзгөн: ага окутуучу Токоева Э.Т _____
Каралып, бекитилген
«Кыргызстан Эл аралык университети» ОИК КЭУнун «Лингвистика»
кафедрасынын жыйынында
№ 1 протокол, «17» сентябрь 2026-ж.
Кафедра башчысы
«Лингвистика» кафедрасы, ф. и. д., доц. Тургунова Г.А. _____

Бишкек - 2026-жыл

«Кыргызстан Эл аралык университети»
Коммерциялык эмес билим берүү мекемеси
Окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси

Сапатты башкаруу тутуму
«Лингвистика» кафедрасы

Эдвайзердин 531100 «Лингвистика» багыты боюнча иш планы

№	Иштин негизги мазмуну	Өткөрүү мөөнөтү	Жооптуулар
1. УЮШТУРУУ ИШТЕРИ			
1.1.	Жаңы окуу жылындагы окуу процессинин графиги, окуу дисциплиналары, сабактардын жадыбалы жана университеттин ички тартип эрежелери менен студенттерди тааныштыруу максатында уюштуруу жыйынын өткөрүү.	Сентябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
1.2.	Социалдык жактан аялуу категорияларга кирген студенттерди, анын ичинде ата-энесинен ажыраган студенттерди, майыптыгы бар студенттерди жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн студенттерин аныктоо. Окуу акысына жеңилдик алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү.	Сентябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
1.3.	Коопсуздук техникасы, университеттеги жүрүм-турум эрежелери жана өзгөчө кырдаалдарда көрүлүүчү аракеттер боюнча нускамаларды уюштурууга көмөктөшүү.	Сентябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
1.4.	Студенттерге «Кыргызстан Эл аралык университети» ОИК КЭУда жана башка жогорку окуу жайларында өткөрүлүүчү университеттер аралык илимий конференцияларга, олимпиадаларга, конкурстарга жана илимий иш-чараларга катышуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат берүү.	Окуу жылы ичинде	Эдвайзер; кафедра башчысы
1.5.	Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу, убакытты туура бөлүштүрүү, окуу жана илимий адабияттар менен иштөө, лекциялардын конспекттерин түзүү жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу маселелери боюнча маектерди өткөрүү.	Сентябрь–ноябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
1.6.	Муктаж адамдарга жардам көрсөтүүгө багытталган кайрымдуулук акцияларын жана иш-чараларын уюштурууга көмөктөшүү.	Декабрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
1.7.	2-курстун студенттери менен окуу тартиби, сабактарга катышуу, тапшырмаларды өз убагында аткаруу жана академиялык жетишүү маселелери боюнча маектерди өткөрүү.	Ай сайын	Эдвайзер
1.8.	Студенттерге кийинки окуу мезгили үчүн майнор дисциплиналарын тандоо боюнча маалымат берүү жана кеңеш берүү. Майнордун билим берүү программаларынын мазмунун, дисциплиналарды тандоо тартибин жана өтүнмө берүү мөөнөттөрүн түшүндүрүү.	Апрель–май	Эдвайзер

№	Иштин негизги мазмуну	Өткөрүү мөөнөтү	Жооптуулар
1.9.	Студенттерди университеттик, факультеттик жана кафедралык иш-чараларга, конкурстарга жана конференцияларга катышууга даярдоо.	Окуу жылы ичинде	Эдвайзер; кафедра башчысы
2. ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР			
2.1.	Студенттердин мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттыруу, улуттук маданий мурасты сактоо жана эне тилге урмат-сыйды өнүктүрүү максатында Кыргыз тили жана жазмасы күнүнө арналган тарбиялык иш-чара өткөрүү.	Сентябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.2.	Студенттердин чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, англис тилинде баарлашуу көндүмдөрүн өркүндөтүү жана англис тилдүү өлкөлөрдүн маданий салттары менен тааныштыруу максатында Хэллоуин майрамына арналган тарбиялык иш-чараны уюштуруу жана өткөрүү.	Октябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.3.	Студенттерди улуттук театр искусствосу менен тааныштыруу, кыргыз драматургиясынын чыгармалары тууралуу түшүнүгүн кеңейтүү жана Кыргызстандын маданий мурасына кызыгуусун арттыруу максатында Кыргыз драма театрына барууну уюштуруу.	Октябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.4.	«Академиялык ак ниеттүүлүк жана студенттин жоопкерчилиги» темасында маек өткөрүү. Плагиаттын, көчүрүп жазуунун жана коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу.	Ноябрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.5.	Жарандык жоопкерчиликти, патриоттуулукту, мамлекеттик символдорго жана Кыргыз Республикасынын маданий мурасына урмат-сыйды калыптандырууга багытталган тарбиялык иш-чараларды өткөрүү.	Декабрь	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.6.	Жарандык жоопкерчиликти, патриоттуулукту, мамлекеттик символдорго жана Кыргыз Республикасынын маданий мурасына урмат-сыйды калыптандырууга багытталган тарбиялык иш-чараларды өткөрүү.	Январь	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.7.	Маданияттар аралык өз ара аракеттенүүнү, толеранттуулукту, ар түрдүү улуттардын жана маданияттардын өкүлдөрүнө урмат-сыйды бекемдөөгө арналган иш-чараларды уюштуруу.	Февраль	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.8.	Аялдарга урмат-сый менен мамиле кылууну калыптандыруу жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды	Март	Эдвайзер; кафедра башчысы

№	Иштин негизги мазмуну	Өткөрүү мөөнөтү	Жооптуулар
	сактоо максатында 8-Март — Эл аралык аялдар күнүнө арналган тарбиялык иш-чара өткөрүү.		
2.9.	Экологиялык маданиятты өнүктүрүүгө, айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга жана студенттердин социалдык жоопкерчилигин калыптандырууга багытталган иш-чараларды уюштуруу.	Апрель	Эдвайзер; кафедра башчысы
2.10.	Патриоттуулукка, тарыхый өткөнгө урмат-сыйга тарбиялоо жана тарыхый эс тутумду сактоо максатында Жеңиш күнүнө жана башка эскерүү күндөрүнө арналган тарбиялык иш-чараларды өткөрүү.	Май	Эдвайзер; кафедра башчысы
3. ОКУУ-ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР			
3.1.	Сессиянын жыйынтыктарын көзөмөлдөө жана студенттерге зарыл жардам көрсөтүү.	Ай сайын	Эдвайзер; кафедра башчысы
3.2.	Кураторлукка алынган топтордун студенттеринин окуудагы жетишүүсүн жана окуу тартибин жакшыртуу үчүн түзөтүүчү жана алдын алуучу чараларды көрүү.	Семестрде 2 жолу жана зарылчылыкка жараша	Эдвайзер; кафедра башчысы